**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН АЙМАКТЫК**
**ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ**
**ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

722600, Кыргыз Республикасы, Нарын шаары, Ленин көчөсү 74
E-mail: adm21@shailoo.gov.kg
Тел. (03522) 5-23-75

722600, Кыргызская Республика, город Нарын, ул. Ленина 74
E-mail: adm21@shailoo.gov.kg
Тел. (03522) 5-23-75

**1.11.2024-ж.** **Нарын шаары**

**Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын**
**ЧЕЧИМИ №45**

**Шайлоо алдындагы** үгүт **жүргүзүүнүн эрежелерин жана тартибин бузуу жөнүндө Ишеним саясий партиясынын арызы жөнүндө.**

Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясына Ишеним саясий партиясынан шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежелерин бузуу фактысы боюнча арыз келип түштү.

Ишеним саясий партиясынын пикири боюнча өз аракеттери менен "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (мындан ары - Мыйзам) 28-беренесинин 5-бөлүгүнүн талаптарын бузган: *Талапкерлер, алардын өкүлдөрү, саясий партиялардын өкүлдөрү, жалпыга маалымдоо каражаттары, башка жактар шайлоо алдындагы өнөктүккө катышуу менен жалган маалыматтарга негизделген жана талапкерлердин, саясий партиялардын абийирине, ар-намысына же иштиктүү беделине зыян келтирүүчү жарыялоолорго жол берүүгө укуксуз.*

Арыз ээси мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүнүн талаптарын бузуу менен Социал-Демократтар саясий партиясынан депутаттыкка талапкер А.Орозобаев Жогорку Кеңештин Ишеним саясий партиясынан шайланган депутаты Сүйүнбек Өмүрзаков боюнча айткан пикиринде депутатынын суротунун астындагы Ишеним партиясынын логотибин көрсөтүү Жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо боюнча мыйзамынын 28-беренесин бузууда деп эсептеп, мыйзамдуу чара коруп бериниздер деп жазган.

Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан арызды кароодо, Социал-Демократтар партиясынан талапкер А.Орозбаев сөз Жогорку Кенештин депутаты боюнча болгонун айтып, Нарын шаардык кенешине аттанган Ишеним партиясына эч тиешеси жок экенин билдирип, арыз эч кандай негисиз берилген деген оюн айтып, жазуу жүзүндө түшүнүгүн берген. Отурумдун катышуучуларына А.Орозобаевдин видео кайрылуусу көрсөтүлүп, талкуулап, Ишеним партиясынын арызы боюнча материалдар кошумча териштирүү үчүн Нарын шаардык ички иштер бөлүмүнө жиберилген. Бул арыз боюнча Нарын шаардык ички иштер башкармалыгына 31.10.2024-ж. №02-060-2024-001396 сандуу болуп катталып, териштирилип, материал боюнча ички иштер башкармасы кылмыштын курамы жок болгондуктан кылмыш иш козгозоодон баш тартуу жана А.Орозобаевге профилактикалык иш жүргүзүүгө деп сунушталган.

Берилген арызды карап чыгып, аймактык шайлоо комиссиясы төмөнкүлөргө келди. Мыйзамдын 28-беренесинин 9-бөлүгүнө ылайык *шайлоо комиссиялары шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзүүнүн белгиленген тартибинин сакталышына контролдук кылат жана жол берилеген бузууларды четтетүү боюнча чараларды көрөт. Талапкер,*

*саясий партиялар ушул Мыйзамдын 22-27-беренелеринде, ошондой эле ушул берене менен белгиленген талаптарды бузган учурда тиешелүү шайлоо комиссиясы аларга бузуу жөнүндө жазуу жүзүндө эскертүү берүүгө укуктуу. Талапкер, саясий партия ушул Мыйзамда белгиленген шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежелерин бир нече жолу (эки же андан көп жолу) бузган учурда тийиштүү шайлоо комиссиясы аларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартууга укуктуу.* Ошону менен бирге аймактык шайлоо комиссиясы арызды иликтөөнүн жыйынтыктары боюнча Мыйзамдын 5-бөлүгүнүн 41-беренесине ылайык *"Шайлоочулар, талапкерлер, саясий партиялар, коммерциялык эмес уюмдар, алардын өкүлдөрү жана байкоочулар мамлекеттик жана башка органдардын, алардын кызмат адамдарынын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздигине) арыз же даттануу менен кайрыла алат. Арыз, даттануу жүйөлүү болуп жана алар негизденген далилдер менен бирге берилүүгө тийиш" деп белгилейт.* Бирок, билдирүүгө тиешелүү далилдер келтирилген жок.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 28-беренесин, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесин, Борбордук шайлоо комиссиясынын 2020- жылдын 11-февралындагы №41 токтому менен бекитилген "Шайлоо комиссияларынын бузуулар жөнүндө иштерди кароо тартиби жөнүндө" Жобону жетекчиликке алып, Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Нарын шаардык кеңешине депутаттыкка шайлоого катышып жаткан Ишеним партиясынын арызы боюнча Социал-Демократтар партиясынан талакпер А.Орозобаев тарабынан үгүт эрежесин бузуу фактысы толук аныкталган жок деп эсептелсин.
2. А.Орозобаевге талапкер катары шайлоо мыйзамдарын так сактап, үгүт иштери жүрүп жаткан мезгилде башка партиялардын абройуна шек келтирүүгө күмөн жаратуучу иш аракеттерден алыс болуусу эскертилсин.
3. Бул чечимдин көчүрмөсү Социал-Демократтар саясий партиясына жана Ишеним партияларынын өкүлдөрүнө, А.Орозобаевге жиберилсин.
4. Бул чечимдин аткарышын көзөмөлдөө аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы Б.Жакыповага тапшырылсын.
5. Бул чечимдин кочурмосу Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум откоруу боюнча борбордук комиссиясына жонотулсун.

| | | |
|---|---|---|
| **Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы** | (кол тамгасы) | **В.Качкымбаева** (Ф.А.А.) |
| **Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы** | (кол тамгасы) | **Б.Жакыпова** (Ф.А.А.) |